**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**МАЙЛУУ-СУУ ШААРДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАЙЛУУ-СУУЙСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**15-апрель 2022-жыл №8-9-6** **Майлуу-Суу ш.**

**Майлуу-Суу шаарында үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү жөнүндөгү жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү” № 54 Жарлыгына ылайык жана Майлуу-Суу шаарынын мэриясынын 11.04.2022-ж. №01-06-672 сандуу кайрылуусун карап чыгып, депутаттардын сунуштарын эске алып Майлуу-Суу шаардык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Майлуу-Суу шаарынын вице-мэри Ч.Масурованын баяндамасы эске алынсын.

2. Майлуу-Суу шаарында үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумду элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү жөнүндөгү жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы шаардык мэрияга жүктөлсүн.

4. Ушул токтом катталсын жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо шаардык кеңештин социалдык тармак, саламаттыкты сактоо, билим берүү, айлана чөйрөнү коргоо, диний иштери, регламент жана этика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Шаардык Кеңештин төрагасы:** **А.Киргизбаев**